жаңы долбоор жазып жакынкы аралыкта 1.200 000 с өлчөмүндөгү каражатка окуу жайга жеңил авто унаа алуу алдында турат.

Илим жана технологиянын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен төмөнкү сабактардын мазмуну сапаттуу өзгөрүлдү:

1.Жолдо жүрүү эрежелери боюнча сабак берген мугалим Чокоев А. Т. заманбап технологияны пайдалануу менен жогорку деңгээлде сабак өтөт. Атайын жасалган макеттер, светафорлор колдонулат. "Жолдо жүрүүнүн эрежелери" сабагында компьютерге кошулган мультируулдук башкаруу менен программаны аткарып, эрежелерди практика оюн түрүндө үйрөнүшөт.

2.Трактордун түзүлүшү сабагынын мугалим, кесиптик билим берүүнүн отличниги А.Джакыпбеков квалификация жогорулатуу курсуна барып келип, интернеттик медиа-информацияны колдонуу методу менен компьютердик инновациялык сабактарды өтүүдө.

3.Тигуучу кесибинде жаны заманбап электр бут тигүүчү машинка менен иштеп, окуу программасына мугалим А. Джумагулова квалификациялык курстан окуп келип, ушул машинкалардын мүнөздөмөсү, иштөө жана техникалык коопсуздук эрежелери жөнүндө өзгөртүү киргизди.

4.Иш берүүчүлөрдүн талабы боюнча, лицейде АБР проектиси менен келген УТО-70 маркасындагы тракторду ондоо ж/а тейлоо сабактары, "ТТС жана ремонт" сабагына кошумчаланып, өзгөртүлгөн.

5. "Электр ширетүүчү" кесибиндеги окуган окуучулар эң акыркы модельдеги заманбап электр ширетүүчү аппараттары менен иштеп, окуп, үйрөнүп жатышат.

Айыл чарба машиналары сабагынан пресс подборщик, опрыскиватель, сеялка жана соко, культиваторлор окуу программасына киргизилген.

1. «Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор» кесиби боюнча мугалим Абдыхарим уулу Завур атайын аппарат менен жабдылган малдарды дарылоочу жабдыктар жана Инкубатордо теориялык окуулар жана практика жүзүндө өтөт. Жаныбарларды жасалма уруктандыруу боюнча окуу жайда окутуу жүргүзсө, ал эми айыл элинин малдарын камсыздоодо.

**2.7 Билим берүү уюму мониторингдин төмөнкү түрлөрүн жүргүзүүгө милдеттүү:**

**- окуучулардын (студенттердин) окуу жүгүртмөсү, жетишкендиктери жана бүтүрүүлөрү**; окуучулардын окуу жүктөмү РИМБдан келген типтүү пландын негизинде жумушчу иш план түзүлүп, андан кийин сабактардын жүгүртмөсү түзүлөт. Сабактардын жүгүртмөсүн түзүүдө окуучулардын жаш өзгөчөлүгү эске алынат. 1-курстарга жумалык жүктөм 36 сааттан , 2-курстарга 2-жарым жылдыктан кийин 39-40саат өлмчөмүндө, ал эми 3-курс жана 10 айлыктарга жумалык жүктөм 40 сааттан кетет. Окуучулардын билим сапатынын жетишүүсү 1-2-жарым жылдыктарда алган бааларынын негизде бааланат. Мамлекеттик экзамендерди жакшы тапшырса жана жалаң "5" деген баа менен окуган окуучуга кызыл диплом берүү педагогикалык кенешмеде каралып, андан кийин тапшырылат.Ар бир окуу жылынын аягында мыкты окуган окуучуларга "Ардак грамота" тапшырылат.

Scanned with ACE Scanner

Окуу жайда жыл сайын план прогнозго коюлган окуучулар кабыл алынат. Ал эми окууну бүтүп жатканда окуучунун саны азайып кетет. Окуучулардын окуудан чыгуусунун бирден бир себеби болуп азыркы күндө чет мамлекетке чыгып кетүү болууда. Окуучуларды сыртка чыгып кетүүсүн жоюу максатында түшүндүрүү иштери жүрүп жатат.

Окуудан чыгуунун себептери болуп 1. Чет мамлекетке чыгып кетүүсү

2. Шаарга иштөөсү
3. Үйдө окууга шартынын жоктугу

| № | Окуу жылы | Тизмеден чыгарылган окуучунун саны | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2019-2020 | 14 | | | | |
| 2 | 2020-2021 | | 16 | | | |
| 3 | 2021-2022 | | | 10 | | |
| 4 | 2022-2023 | | | | 19 | |
| 5 | 2023-2024 | | | | | 29 |

**- аларды баалоо жол-жоболорунун натыйжалуулугуна:**

Окуучулардын билимине баа берүүнүн натыйжалуулугун балоо үчүн 1 жана 2 жарым жылдыкта өтүлгөн предметтер боюнча тесттер, текшерүү иш, жат жазуу, дил баяндар алынып турат. Сабак берген окутуучуларга ар жуманын бейшемби күндөрү методикалык кеңешме өтүлүп турат.

**- билим берүү программасы боюнча окутуучулар менен үйрөнүүчүлөрдүн (студенттердин) жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттандырылуусуна;**

Окуу жылынын 1-2-жарым жылдыгынын жыйынтыгын чыгаруу максатында окуучулардан ар бир предмет боюнча тест, жат жазуу, дилбаян жана башка ушул сыяктуу жазуу жумуштары алынып, ошонун негизинде билим сапатынын мониторинги чыгарылат. Окуу жылы бүткөн учурда мамлекеттик бүтүрүү экзамендери атайын түзүлгөн комиссиянын жана сырттан келген комиссиянын мүчөлөрү менен биргеликте алынат. Экзамендин жыйынтыктары №6 пед кеңеште каралат.

**- билим берүү чөйрөсү жана көмөкчү кызматтар жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине;**

№13 КЛде билим берүү чөйрөсүндө психологиялык баалоодо, окуучулар арасындагы психологиялык климаттын абалы канааттандырарлык. Маалыматтык механизми боюнча окуу жайда ар бир тайпага класс жетекчилер бекитилип, тарбиялык сабактар жумасына бир жолу өтүлүп турат. Класстык тарбиялык сааттардын темалары, жылдык тарбиялык пландын негизинде жана даталуу айтылуу тарыхый окуяларды чагылдыруу менен бирге,өлкөбүздө өтүп жаткан саясий өзгөрүштөргө карата атайын темалар коюлуп өтүлөт. Ачык сааттардын темалары директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Д. Ж. .Барпыбековна тарабынан көзөмөлдөнөт. Мисалы, толук, жарым жетим балдардын тизмеси аныкталып, ошол балдар менен иш алып барылат. Мындан тышкары, окуудагы жетишкендиктери үчүн окуучулардын ичинен 15 окуучу ар бир жылдын жай айында ББжИМ буйругу менен Ысык-Көлгө "Келечек" балдар лагерине 10 күнгө барып эс алып келишет. Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында Айтматов райондук өспүрүмдөр

Scanned with ACE Scanner

менен иш алып баруучу ЖОИИ бөлүмү менен жолугушуу жыйындары өтүлүп, , инспекторлор балдар менен иш жүргүзүп турушат .

Лицейде медициналык кызматтардын колдоо иштери дагы жүргүзүлүүдө. Мисалы, буга чейин жергиликтүү Жоон-Дөбө айылынын ФАП кызматчылары жана райондук оорукана дарыгерлери окуу жай менен тыгыз байланышта болуп, иш алып барган болсок, ал эми быйылкы окуу жылында окуу жайга медайым штаты ачылып, атайын бөлмө уюштурулуп, окуган окуучулар күнүгө текшерүүдөн өтүүдө. Мындан сырткары ичкиликтин, насвайдын, наркотикалык заттарынын зыяндуулугу жөнүндө лекция окушуп, маектешүү болуп турат. Медициналык дагы бир кызматташуу-бул райондук санэпидемстанциянын тыкан иштери саналат. Окутуучулардын санитардык китепчелерин текшерип, окуу, ашкана, жатакана, корпустарынын абалы санитардык талаптарга жооп беришин көзөмөлдөйт. Жылуулук, тазалык, эпидемиялогиялык нормаларынын сакталышын текшерип турат.

**- көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын адекваттуулугун белгилөө жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууга;**

Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча мониторинг жүргүзүлүп турат. Ишке орношуунун диаграммасы тиркелет

*26-Тиркеме. Мугалимдердин билим берүүдөгү колдонулган инновациялык технологиялар колдонуусу боюнча маалымат*

*27-Тиркеме. Бүтүрүүчүлөрдүн акыркы 5 жылдагы ишке орношуусу боюнча мониторинг.*

*28-Тиркеме Билим сапатынын жыйынтыгы болгон мониторинг*

*29 Тиркеме 202302024-окуу жылынын 1-жарым жылдыгынын ведомосттору*

**2.8. Билим берүү уюму мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо процесстерин жана жооптуу адамдарды (кызматтарды) аныктоого тийиш.**

Билим беруу программаларын иштеп чыгуу, бекитуу, байкоо жургузуу жана мезгили менен баалоо бир жылда 2 жолу жүргүзүлүп турат. Баалоонун жүрүшүнө администрация жана предметтик мугалимдер,ар бир тайпанын бекитилген класс жетекчилери устаттары анализ жургузот. Окуучулардын ата-энелери баланын билим сапаты тууралуу маалыматты каалаган убагында окуу жайдан келип ала алышат. Билим сапатын жогору болушу үчүн окуу жайдын администрациясы , методист, бөлүм башчы жооптуу б.с

**Ч.Түлөбердиев атындагы №13 кесиптик лицейинин 2022-2023- окуу жылынын билим сапатынын отчету**

Scanned with ACE Scanner




**ФЛ-49-22 2022-2023 27 окуучу 1курс**




**ФЛ-50-22 2022-2023 1курс 25 окуучу**

Scanned with ACE Scanner




## ФЛ-48-21 2022-2023 2курс 25 окуучу




## ФЛ-47-21 2022-2023 2курс 26 окуучу

Scanned with ACE Scanner




**ФЛ-46-20 2022-2023 3курс 24 окуучу**




**ФЛ-45-20 2022-2023 3курс 22 окуучу**

Scanned with ACE Scanner




## Т-91-22 2022-2023 10 ай 22 окуучу

**2.9. Билим берүү уюму талдоо жүргүзүүгө жана мониторингдин натыйжаларына мезгил-мезгили менен баа берүүгө жана аны окуу процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн пайдаланууга милдеттүү.**

Окуучулардын окуу жүктөмүнө, жетишүүсүнө жана анын бүтүүсүнө окуу иштери боюнча директордун орун басары Р.Давлеталиева жооптуу. Ар бир кесипти окутууга жылдын башында РНМЦдан бекитилип келинген типтүү окуу пландар 3 жыл жарактуу мөөнөтү менен, биринчи педагогикалык кеңеште каралып, анын негизинде жумушчу план иштелип чыгып, бекитилет. Жумушчу пландын негизинде календардык план иштелет. Жумушчу планда берилген сааттардын аткарылып бүтөрү көзөмөлдөнөт. Сабактардын расписаниеси ушул жумушчу пландын негизинде түзүлүп, лицейдин директору тарабынан бекитилет.

Окуучулардын жетишүүсүн аныктоо төмөнкү этаптардан турат:

1. Чейректик, модулдук жыйынтыктоо
2. Жылдык бүтүрүүчү квалификациялык экзамен теориялык билим берүүдө

Чейректик жыйынтыктоо оозеки ж/а жазуу (текшерүү иш, тест) түрүндө өтүлөт. Кесиптик билим берүүдө өндүрүштүк окутуу этаптык аттестация менен жыйынтыкталып, окуучулар бааланат. практикага жиберилбейт, жана бүтүрүүчү экзамендерге киргизилбейт. Ошол себептүү баасына жараша окуучуга разряд берилип, ал эми өтпөгөн окуучуга белгиленген мөөнөттө кайра тапшыруу укугу берилет. Бир жылда 2 жолу билим сапатын аныктоо үчүн мониторинг жүргүзүлөт.

**2.10. Билим берүү уюму билим берүү программасынын окуу-методикалык жактан камсыз кылынышынын билим берүү максаттарына жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкештигин көрсөтүшү керек.**

Учурдун жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берген ,эл аралык жана улуттук стандартка дал келген инновациялык жогорку квалификациялуу жумушчу кадрларды тарбиялап даярдап чыгаруу. Мындай деңгээлди ишинин сапатын камсыздоо №13

Scanned with ACE Scanner

кесиптик лицей КР орто кесиптик билим берүү системасындагы алдынкы окуу жайлардын катарына кирүүгө мүмкүндүк берет

Максаты: эмгек рыногунун керектөөсүн эске алуу менен сапаттуу билим алууга билим берүү шарттарын түзүү, материалдык техникалык базаны чыңдоо, колдоо жана КР жогорку компитенттүү билимдүү квалификациялуу кадрларга керектөөсүн канааттандыруу. Билим берүү программасын окуу усулдук камсыздоо билим берүүнүн максаттарында баардык шарттар түзүлгөн

- Материалдык техникалык база талапка жооп берет
- Окуу усулдук базадагы талапка жооп берет

**2.11. Билим берүү уюмунда билим берүү программасынын сапаты жөнүндө кызыктар тараптарга маалымат берүү механизмдери болушу керек.**

Окуучулардын билим берүү сапатын жакшыртуу боюнча маалымат ата-энелерге атайын ата-энелер чогулушунда толук маалымат берилет. Ал эми окуучуларга өздөрүнүн жараткан жетишкендиктери боюнча атайын окуу жайда бурчтар уюштурулат, бурч аркылуу маалыматтар берилет. Окуучулардын жетишкендиктерин чыгаруу билим сапатын камсыздоо боюнча жобонун негизинде жүргүзүлөт.

**2.12. Билим берүү уюму кызыкдар тараптарга УОКтун белгилүү деңгээлине ылайык ыйгарылган квалификациялар жөнүндө маалымдоого тийиш.** Биздин окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү улуттук компитенциялардын алкагына ылайык 4- баскычта даярдалат.

**Стандарттын күчтүү жактары:**

1. Лицейдин ички жоболору ачык жерде кызыкдар тараптарга жеткиликтүү коюлган.
2. Айдоочулук боюнча сапат жылдан-жылга өсүүдө.
3. Ички жана сырткы мониторинг жакшы жүрүп турат.

**Алсыз жактары:**

Сапатка байланыштуу сырткы текшерүүлөрдүн көптүгү.

**3-стандарт**

**Аккредитация стандарты .**

**Стандарт 3. Инсанга багытталган билим берүү жана студенттердин жетишкендигинин натыйжалуулугун баалоо.**

Билим берүү уюму өзүнүн билим берүү программаларына студентке багытталган жана компетенттүүлүккө негизделген окутуу процесстерин киргизүүгө милдеттүү. Билим берүү программаларын ишке ашыруунун ыкмалары окуучуларды окуу процессин биргелешип курууда активдүү аракеттерге стимулдаштырууга тийиш. Баалоо жарыяланган бирдиктүү критерийлердин негизинде ырааттуу процедураларды колдонуу менен жетишкендикти объективдүү баалоону камсыз кылууга тийиш.

**3-стандарттын критерийлери:**

**3.1. Билим берүү программасы педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын, анын ичинде электрондук жана дистанттык окутууну баалоо жана тууралоо үчүн угуучулардан (студенттерден) үзгүлтүксүз кайтарым байланышты колдонууну көрсөтүшү керек.**

Эл аралык жана улуттук стандартка дал келген инновациялык жогорку квалификациялуу жумушчу кадрларды тарбиялап чыгаруунун негизи кесиптик билим берүү болуп бөлүнөт. Кесиптик техникалык билим ири өндүрүштөрдүн пайда болушунан келип чыккан. Азыркы учурдагы билим берүүнүн, өркүндөтүүнүн концепциясына ылайык окуу предметтерин, анын ичинен кесиптик билимдери өз алдынча эмгектенүүгө үйрөнүшөт.

Scanned with ACE Scanner

Ошол себептен окутуунун актуалдуу инновациялык ыкмалары иш жүзүнө кенири колдонуу зарылчылыгы келип чыгуула. Окутуу процессинде окуучулардын реалдуу мүмкүнчүлүгүнө ылайык калыптандыруу, жогорку даражада уюштуруу эн өзөктүү маселе болуп саналат. Ошондуктан кесиптик билим берүүдө сабакка балдарды кызыктыруу үчүн ар кандай окутуунун жаны ыкмалар колдонуу зарыл. Окуучулардын билим сапатын баалоодо мугалимдердин сабак өтүү деңгээлин текшерип туруу зарыл. Окуу жайда мугалимдер тажрыйба алмашуу максатында бири-биринин сабагына кирип турушат. Методист аркылуу жаш мугалимдерге методикалык жардамлар берилет. Ал эми ар бир жылы окуучулардан билим сапатынын абалы тууралуу анкеталар алынып турат

*14-Тиркеме. Окуучулардан алынган анкета тиркелет*

**3.2. Билим берүү уюму баалоонун усулдары жана критерийлери боюнча окуудан өкүлдөрүн) тартуу, ошондой эле окуучулардын билимин көз карандысыз баалоонун башка жол-жоболорун колдонуу аркылуу көз карандысыз баа берүүнү камсыз кылууга тийиш.**

Окуу жай баалоонун усулдары жана критерийлерин туура жүргүзүү үчүн билими жогорку болгон адистерди кызматка алууда. Ошондой эле техникалык же орто билими бар мугалим-усттар атайын РИМБдан келген окууларга активдүү катышып келүүдө. Жаш кадрларга методикалык жактан жардам берүү окуу жайдын методистине жүктөлгөн. Атайын январь айында педагогикалык окуулар уюштурулуп тажрыйба алмашуу жүрүп турат. Бүтүрүүчү квалификациялык экзамендерде көз карандысыз сырттан келген экзаменаторлор келип экзамен алышат. Экзамендердин баалоо иштерине активдүү катышышат.

**3.3 Билим берүү уюму өзүнүн веб-сайтында окуучулар жетишүүгө тийиш болгон окуунун күтүлгөн натыйжаларына карата адекваттуу, ошондой эле окуунун пландаштырылган натыйжасына студенттин жетишүү деңгээлин көрсөткөн критерийлерди жана баалоо ыкмаларын жайгаштырууга тийиш.**

Окуу жайда жаныдан сайд ачылып, бардык баалоонун түрлөрү сайдка жайгаштырылууда http://proflisei13.kg /contact/

**3.4 Билим берүү уюму окутуунун натыйжаларын баалоодо ачык-айкындуулукту, көз карандысыздыкты жана объективдүүлүктү, анын ичинде жеңилдетүүчү жагдайларды жана даттануу жол-жобосун камсыз кылууга тийиш.**

Окуучунун жылдык жана бүтүрүү экзамендери бекитилген графиктин негизинде өтөт. Ошондой эле экзаменге чейин экзамен болуучу предметтен канцултациялар өткөрүлөт. Экзаменге окуучулар жакшы даярдык менен кирүүгө шарттар түзүлөт. Экзамен учурунда окуучу өз билимине жараша бааланат. Экзамендин жыйынтыгыгына наразы болгон окуучу , расмий түрдө администрациянын атына арыз жазып, ал арыз 3 кун аралыгында каралып чыгат. Кайра экзамен берүү графиги такталып, окуучу кайра экзамен бере алат. Бул процедура № 5 педагогикалык кенешмеде каралат, жана экзамендик комиссиянын мучолору такталып,бекитилет. Бул комиссия предметтик мугалимдин берген баалоо тапшырмалары менен таанышат , кошумча - алымча жасашы мумкун. Аппеляциялык процедура лицейде болтурбоо аракеттери алдын ала көрүлөт. Ар бир кесиптик билим беруу программалары боюнча баалоочу тапшырмалар такталган .

*Тиркеме 3.3 Квалиф...*

Scanned with ACE Scanner

**3.5 Билим берүү уюму кызыктар тараптарга колдонулган жол-жобо, формалар жана баалоо критерийлери, ошондой эле натыйжаларды баалоонун натыйжалары жөнүндө маалымдоо механизмдерин жана формаларын көрсөтүүгө тийиш.**

Окуучулар учун экзамендик такта илинет , ал жерде экзамендерге киргизилген окуучулардын тизмеси , экзамендик графиктер корсотулот . Мындан тышкары , консультациялардын берилген графиги болот.

Окуучулар дипломдук иштинин темаларын өндүрүштүк практикага кетээр алдында бекиттирип, таанышып алат . Практикада дагы ушул темага байланыштуу иштерди аткарат.

*36-Тиркеме Өндүрүштүк практиканын пландары тиркелет.*

**3.6 Билим берүү уюму студенттердин окуусун таштап кетүүсүнүн себептерин талдап, алардын билимин жакшыртуу жана студенттерди калтыруу боюнча чараларды көрүүгө тийиш.**

Окуу жайда окуган окуучулар менен атайын даярдалган өндүрүштүк окуунун усттары , класс жетекчилер иш алып барат. Алар окуучулар менен тыгыз байланышта болушат. Эгер окуучу билдирүү бербестен чет мамлекетке чыгып кеткен болсо, же сабактан 3 жумадан ашык убакыт себепсиз сабакка келбесе, аскерге кызмат өтөөгө өз каалоосу менен кеткен болсо, өндүрүштүк окуунун устатынын билдирүүсү менен же ата-энесинин жазган арызынын негизинде жетекчинин буйругунун менен окуучулардын тизмесинен чыгарылат. Окуудан чыгарылган окуучулар 2-жылдык окууда окуган болсо 3 жыл ичинде кайрадан окуусун калыбына келтире алат. Жетексиликке арыз менен кайрылып .кайрадан окууга кабыл алынат буйруктун негизинде. Азыркы күндө окуудан чыгуунун себептери болуп төмөнкүлөр болууда

1. Чет мамлекетке чыгып кетүүсү
2. Шаарга иштөөсү.
3. Үйдө окууга шартынын жоктугу

| № | Окуу жылы | Тизмеден чыгарылган окуучунун саны | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2019-2020 | 14 | | | | | |
| 2 | 2020-2021 | | 16 | | | | |
| 3 | 2021-2022 | | | 10 | | | |
| 4 | 2022-2023 | | | | 19 | | |
| 5 | 2023-2024 | | | | | 29 | |

*37-Тиркеме. Окуучуларды окуудан чыгаруу боюнча буйруктардын көчүрмөсү тиркелет*

*37-Тиркеме. Окуучуларды кабыл алуу, чыгаруу, окуусун калыбына келтирүү боюнча буйрук*

**3.7** Билим берүү уюму студенттердин арыздарына (даттануууларына) жооп берүү жана кароонун иштелип чыккан жана ишке ашырылган жол-жоболорун көрсөтүшү керек.

Окуу жайдын атайын даттануулар үчүн ишеним кутучасы даярдалган. Ишеним кутучасы дайыма Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Джусупова Ж Б тарабынан ар бир ай сайын көзөмөлдөнүп турат. Окуучулардын сунуштары,

Scanned with ACE Scanner

даттануулары дайыма эске алынып тийиштүү иштер өз убагында аткарылып, чечилип турат.

Арыз даттануу жана сунуш китепчеси бар.

**Стандарттын күчтүү жактары**:1. Минималдык талаптарга жооп берет.

2. Ыйгарылуучу квалификациялары көп;

3. Маалыматтар бирдиктүү системага салынып, окуу жайдын сайтына , ИСУОго жайгаштырылат.

**Алсыз жактары**:Интерактивдүү досканын жоктугу

**4-стандарт . Аккредитация стандарты**

**Стандарт 4. Студенттерди кабыл алуу, билим берүү жыйынтыктарын таануу жана студенттерди бүтүрүү.**

Билим берүү уюму өзүнүн сайтында жарыяланган студенттерди кабыл алуунун, билим берүүнүн жыйынтыктарын таануунун жана бүтүрүүчүлөрдүн алдын ала аныкталган, ырааттуу колдонулуучу эрежелерине ээ болууга тийиш.

**4-стандарттын критерийлери:**

**4.1. Билим берүү уюму студенттерди тандоонун жана кабыл алуунун калыс жана объективдүү жол-жоболорун көрсөтүүгө, потенциалдуу студенттерди кабыл алууда негизсиз тоскоолдуктарды жоюуга тийиш.**

Кесиптик лицейге окуучуларды кабыл алуу лицейдин уставынын 3 параграфында көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт. Абитуриенттердин кабыл алуу комиссиясына кайрылуусу, окууга кабыл алуу арызынын негизинде кабыл алынат. Окуу жайда абитуриенттер учун маалымат бурч уюштурулат. Кабыл алуу башталган күндон баштап окуу жайда кабыл алуу комиссиясы иш алып барат.окуучуларга толук маалыматтар берилип, документтерин талапка ылайык кабыл алынат.

*42-Тиркеме Кабыл алуу комиссиясынын буйругу*

**4.2. Билим берүү уюму студенттерди (студенттерди) кабыл алуунун эрежелерин, процесстерин жана критерийлерин ачык жана ырааттуу колдонууну көрсөтүшү керек.**

Окуучуларды кабыл алуу эрежелери ,жана жыйынтыктары өз маалында маалымат тактачага чыгарылып турат. Жана кабыл алынган окуучулар ИБС (ИСУ) киргизилип турат. Окуучуларды кабыл алуу боюнча социалдык тармактарга жарыялар чыгарылат. Окуучулар өздөрү онлайн тапшыра алышат. 2023-2024- окуу жылына карата окуучулар онлайн кабыл алынды

*38-Тиркеме. Кесипке багыт берүү үчүн афишалар , жарнактар*

**4.3. Билим берүү уюму студенттин (студенттин) тандап алган билим берүү жолу, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары жана карьералык мүмкүнчүлүктөрү боюнча толук жана өз убагында маалыматты жана консультацияларды алгандыгын көрсөтүшү керек**.

Окуучулардын тандап алган кесиптери боюнча, ошондой эле келечекте билимин жогорулатуу

Scanned with ACE Scanner

жөнүндө атайын бурчтар уюштурулат. Жогорку окуу жайга тапшыруу үчүн окуучулар ЖРТга катышууга мүмкүнчүлүк алышат.

**4.4. Билим берүү уюму студенттердин окуу жетишкендиктери жөнүндө маалыматтарды чогултуу, мониторинг жүргүзүү жана аларга байкоо жүргүзүү үчүн так жол-жоболор жана инструменттердин болушун камсыз кылууга тийиш.**

Ар жылы билим сапатынын мониторинги жүргүзүлөт. Мыкты окуган окуучуларга жыл аягында "Ардак грамоталар" тапшырылат.

*39-Тиркеме «ардак грамотанын» копиялары тиркелет*

**4.5. Билим берүү уюму студенттердин окуунун күтүлгөн натыйжаларына жетиши жана алардын академиялык мобилдүүлүгүнө салым кошуусу үчүн квалификацияларды жана мурунку билимин окуу мөөнөттөрүн таануунун объективдүү механизмдерин камсыз кылууга тийиш.**

Билим сапатын анализдөө максатында атайын анализдөө, мониторингдин негизинде билим сапатын жогорулатуу максатында иш план түзүлүп иш алып барат.

**4.6. Билим берүү уюму билим берүү программасын аяктаган жана күтүлгөн окуу натыйжаларына жетишкен окуучуларга жетишилген окуу натыйжаларын, ошондой эле алынган билимдин мазмунун жана квалификациясын жана аны аяктагандыгы тастыктаган билим берүү документин берүүгө милдеттүү**

Окуу жылынын аягындагы жыйынтыктоочу кенешменин чечими менен Окуу жылын ийгиликтүү аяктаган окуучуларга билим алуудагы көрсөткүчтөрүнө карап 2-3 жылдык окуу мөөнөтү менен окуган окуучуларга диплом, аттестат, жана айдоочулукка күбөлүк, карточка берилет. Ал эми 10 айлык мөөнөт менен билим алган окуучуларга диплом ыйгарылыт жана айдоочулукка күбөлүк, карточка берилет.

*40-Тиркеме. Диплом, аттаестатардын кочурмолөрү тиркелет.*
*41-Тиркеме. Окуу жылын бутүргөндөгү №6 педагогикалык кенештин протоколу тиркелет*

***Стандарттын күчтүү жактары:***

*1. Окуучулардын разряддары- 3-4*

*2. Бутүрүүчүлөрдү жумушка орноштурууда айдоочулук кесиптерге талаптын күчтүүлүгү.*

**Алсыз жактары:**

*Лицейдин маалыматтарын сайтка өз учурунда жайгаштырган адистин жоктугу.*

**Стандарт 5. Педагогикалык жана тарбиялык көмөкчү персоналдын сапатынын жана компетенттүүлүгүнүн кепилдиги.**

Билим берүү уюму адам ресурстарын башкаруу миссиясына шайкеш келген саясаттарга жана механизмдерге жана студенттер менен иштөө үчүн кесиптик тажрыйбасы бар компетенттүү кызматкерлерге ээ болушу керек.

**5-стандарттын критерийлери:**

Scanned with ACE Scanner

**5.1. Билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык педагогикалык жана тарбиялык көмөкчү персоналды жалдоонун, жогорулатуунун ачык-айкын жана объективдүү критерийлерин камсыз кылууга тийиш.**

Кызматка кабыл алуу. Уставдын 6 параграфынын негизинде жүргүзүлөт. Ар бир кызматкер билимине , адистигине карап жумушка алынат. Азыркы учурда инженердик педагогикалык курамга кирген мугалим-усттардын билими кабыл алынган кызмат ордуна туура келет, кызмат ордуна талапкердин өздүк арызынын негизинде ,сүйлөшүү (собеседование) менен кабыл алынат. Кызматтан жогорулатуу педагогикалык кеңештин чечими менен кабыл алынат.Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин негизинде жүргүзүлөт. Кызматкерлер кызматка алынганда 3 айлык сыноо мөөнөт менен алынып жатат. Жумуш берүүчү болгон окуу жайдын директору менен кызматкерлердин ортосунда эмгек келишим түзүлөт.

44-Тиркеме Инженердик педагогикалык курамдын тизмеси
45-Тиркеме Эмгек келишим

**5.2. Билим берүү уюму бүткүл персоналдын кесиптик компетенттүүлүгүн камсыз кылуучу билим берүү кадрдык саясатын иштеп чыгууга, кайра карап чыгууга жана өркүндөтүүгө мүмкүндүк берүүчү механизмдерге ээ болууга тийиш.**

Штаттык бирдик инженердик-педагогикалык кызматкерлер менен 100% камсыздандырылды. Ар бир окуу жылда октуучулардын 3 жыл сайын квалификациясын жогорулатуу үчүн РМИБга жөнөтүлүп турат. Окутуучулар квалификациясын жогорулатып гана тим болбостон жаңы инновациялык технологиялар менен сабакты жогорку деңгээлде өтүү үчүн тажрыйбаларды алмашып турушат.

46-Тиркеме *Квалификациясын жогорулаткан инженердик-педагогикалык курамдын тизмеси тиркелет.*
*47-Тиркеме . Сертификаттардын көчүрмөсү тиркелет.*

**5.3. Билим берүү уюму окутуучуларга илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн шарттарды түзүүгө жана окутуу менен илимий изилдөөлөрдүн байланышын чыңдоо үчүн алардын илимий ишмердигине дем берүү тутумуна ээ болууга тийиш.**

Окуу жайда илимий изилдөө жүргүзүү боюнча мугалимдердин арасында дем берүү үчүн шарттар бар. Жакшы иштеген өз ишмердүүлүгү менен жогорку деңгээлде иш алып барган кызматкерлер жетекчилик тараптан , атайын сунуштун негизинде Айтматов райондук админстрациясынын, Талас облустук администрациясынын, Билим берүү министрлигине жана окуу жайдын атынан “Ардак грамота” берилип турат.

*39-Тиркеме Ардак грамоталар тиркелет*

**5.4. Билим берүү уюму окутуучулар тарабынан Мамлекеттик стандарттардын талаптарына жооп берген, окуунун натыйжаларына жетишүүгө жана билим берүү программасынын сапатын жогорулатууга көмөктөшүүчү окуу пландарын, окуу куралдарын, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу үчүн шарттарды түзүүгө тийиш.**

Билим берүүдө окутуучулар атайын квалификациясын жогорулатуу боюнча окууларга катышып турушат.

Жана окуу жайда ар бир кесип боюнча жана жалпы билим берүү боюнча методикалык журналдар келип турат .

Scanned with ACE Scanner

Жогорку билими бар, ар 3-5 жылда билимин жогорулаткан кызматкерлер өткөн ар бир сабагында инновациялык технологиялар менен колдонуп сабак өтүүдө.

*26-Тиркеме 5 Инженердик-педагогикалык кызматкерлердин инновациялык технологияларды колдонуу тизмеси тиркелет*

**5.8. Орто билим берүүнүн билим берүү уюму окутуунун инновациялык методдорун жана прогрессивдүү технологияларды колдонуу менен окутуунун байланышын чыңдоо үчүн окутуучулардын педагогикалык ишмердүүлүгүн стимулдаштыруу системасы болууга тийиш.**

Окуу жайда ар билимин жогрулатып келген мугалим-устаттар кызматкерлерге тажырыйба бөлүшүп турат. Ал үчүн январь айында педагогикалык окуулар уюштуралат. Педагогикалык окуулар РИМБдан келген пландын негизинде болот , кошумча тажырыйба алмашуу жүргүзүлөт

*51-Тиркеме. Педагогикалык окуунун пландары тиркелет*

**Стандарттын күчтүү жактары:**

1.Мугалимдер квалификациясын көтөрүп турууга окуу жай толук шарт түзүп берет.

**Алсыз жактары:**

Лицейдин окутуучулардын өз китептерин чыгарууга каражаттардын бөлүнбөгөндүгү.
Интерактивдүү досканын жоктугу

**Аккредитация стандарты 6.**

**Стандарт 6. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары.**

Билим берүү уюму окуу процессин уюштуруу үчүн пайдаланылган материалдык-техникалык базанын жана маалыматтык ресурстардын жетиштүү экендигине жана ишке ашырылып жаткан программанын талаптарына жооп бере тургандыгына кепилдик берет.

6-стандарттын критерийлери:

**6.1 Билим берүү уюму билим берүү программасын керектүү материалдык ресурстар менен (кабинеттер, лабораториялар, компьютерлер, окуу кабинеттери, окуу жабдуулары, китепканалык фонддор ж.б.) менен камсыз кылууга тийиш болгон Мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык жана ар кандай топтордогу, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн жеткиликтүүлүгү**

Окуу жай типтүү формада салынган . Окуучулар үчүн атайын кесиптер, спорттук ийримдер, секциялар уюштурулуп, ар-кандай маанилүү даталарда маданий иш-чаралар өткөрүлүп турат. Китепканада китептер жетиштүү, окуу залы бар. компьютердик класстар бар, автомобиль айдоочу жана айыл чарба техникаларын практикалык окутууга автодром бар . Жолдо жүрүү эрежеси боюнча атайын кабинет бар, трактор, автомобиль боюнча окутуу кабинеттери талапка ылайык даярдалган. Атайын майыптыгы бар балдар үчүн окуу корпусуна пандустар жайгаштырылган. Окуу жайда атайын реаблитациялык окуу группалары жок.

**6.2 Билим берүү уюму билим берүү программасынын максаттарына жооп берген окутуу багыттарынын туруктуулугун жана жетиштүүлүгүн камсыз кылууга тийиш.**

Scanned with ACE Scanner

Окуу жайдын имараты 450 окуучуга ылайыкталган,анын ичинен 404 теориялык жана 56 өндүрүштүк , спорттук орунга ылайыкташтырылган эки окуу корпусунан турат. Атайын окулуучу кесиптик предметтерден азыркы учурда 8 кабинет (теориялык) , теориялык кабинети 2, айыл чарба машиналар кабинети 1, Агрономия кабинети 1, жолдо жүрүү эрежелер 1, тигүүчү кабинети 1 о.э жалпы билим берүү боюнча теориялык кабинеттерден 8 окуу бөлмөсү бар. Окуучулар машыгуучу талаа 3га аянтты ээлеп жабдылган . Устакана кабинети айыл чарба , тракторлор жана автомобилдер кыймылдаткычтар лабороториялары бар. Тигүү кесиби боюнча толук жабдылган устакана иштеп жатат.

*53-Тиркеме. окуу бөлмөлөрүнүн, лабороториялардын сүроттору тиркелет*

**6.3 Билим берүү уюмунун окуу жайлары санитардык-гигиеналык ченемдерге, эрежелерге жана өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келүүгө тийиш, коопсуздукту, ошондой эле эмгекти коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коопсуздук талаптарын аткаруу.**

Айтматов району боюнча өзгөчө кырдаалдар бөлүмү жана Айтматов районунун оорууларды алдын алуу жана санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору тарабынын текшерүү жүргүзүлүп имаратта иштөөгө уруксат берилген. Окуу жайга дайыма текшерүү жүргүзүлүп турат. Окуу жайдын абалы туруктуу , талаптарга жооп берет. Ар жылы текшерүү жүргүзүлүп, тиешелүү кортундулар алынат.

*54-Тиркеме. Санитардык эпидемиялогиялык көзөмөлдөө борборунун кортундусу*

*55-Тиркеме. Өрт коопсуздугу боюнча өзгөчө кырдаалдын кортундусу.*

**6.4 Билим берүү уюму студенттерди жатакана менен камсыз кылууга, жашоо, окуу жана эс алуу үчүн шарттарды түзүүгө милдеттүү.**

Окуу жайдын жатаканасы 61 окуучуга ылайыкталган . Жатаканада Телевизор көрүүчү зал бар. Ооруп калган окуучулар үчүн атайын бөлмө уюштурулган .Күн тартиби түзүлгөн ошонун негизинде иш жүргүзүлөт. Кире бериш жеринде окуучулардын кол жуучу умывальник жана сүлгү илинип турат.

Окуучулар ар кимиси жеке гигиенасын сакташат. Өз сүлгүсү, самыны, тиш жуугуч куралдары, тапочкалары, кечки кийип жата турган кийимдери менен келишет. Жатаканадагы иш – чаралар сабактан тышкары аткарылат. Сабак 13:30 бүтөт. Андан сон ар кандай кружокторго катышат. Спорттук оюндар ойнотулат . Андан сон үй тапшырмаларын аткарышып , кечки тамакка барышат. Жатаканада 9 секция анын ар бирине 6 дан окуучу жашайт. Жатаканада аристон, жана жуунучу ванна, жатакананын ичинде дааратканасы талапка ылайык жасалып колдонуу алдында турат. Окуу жайдын медайымы тарабынан окуучулар күнүгө текшерилип турат. Жатакана окуучулары үчүн эң жакшы шарттар түзүлгөн.

*56-Тиркеме Жатакананын тарбиячысынын жылдык планы*
*57-Тиркеме Жатакананы сүрөттөрү, күн тартиби*
*58-Тиркеме Жатакана боюнча окуучулардан алынган анкета жана анын жыйынтыгы*

**6.5 Билим берүү уюму заманбап жана студенттер үчүн жеткиликтүү болгон китепканалык ресурстар менен камсыз кылууга, ал эми иштеп жаткан китепкана фонду Мамлекеттик стандарттарга ылайык билим берүү муктаждыктарын жабууга тийиш. Окуу залдарында жана китепканаларда иштөө үчүн шарттар түзүлүшү керек.**

Scanned with ACE Scanner

Китепкананын аянты 75 кв.м ,окуу залы 16кв .м, Китепканачынын кабинети 19кв.м

№ 13 кесиптик лицейде 2023-2024-окуу жылында китепканада китептин саны 8755 даана

- Жалпы билим берүү боюнча – 629даана
- Кесиптик билим берүү боюнча 5009даана
- Мал чарба 151
- Тигүүчү 181
- Фермер 3175
- Көркөм адабият-1640даана
- Методика- 376 даана

2023-2024-окуу жылына атайын сабактар боюнча 460 китеп менен жаңыланды . Лицейде китепканада 15 орундуу окуу залы бар . Жалпы билим берүү боюнча китептердин саны аз болгондугуна байланыштуу жаңылап туруу талап кылынат. Китепканачы Алпышева К О . Китепкананын жылдык планын түзүп ошонун негизинде иш алып барат. Ар кандай сүрөт көргөзмөлөр , тегерек столдор , адабий кечелер өткөрүлөт.

*59-Тиркеме Китептердин тизмеси тиркелет*

*60-Тиркеме. Китеп кана жылдык план*

*61-Тиркеме Китепканада тарбиялык иш чаралардын сүрөттөрү*

**6.6 Билим берүү уюму фельдшердик-акушердик пункттарда тамактануу (ашкана же буфет) жана медициналык тейлөө үчүн тийиштүү шарттарды түзүүгө тийиш.**

1. Ашкананын аянты: 255.75кв.м Ашкана 108 кишиге ылайыкталган. Меню мед айым тарабынан түзүлөт. Ал эми калькуляция бухгалтердин бекитмесинин негизинде берилет. Санитар книжка эки халат, чепчик колдонулат. Ашкананын жабдуулары 1даана электрлектро печ , 2 даана муздаткыч, 2 даана духовка, 2 даана микровалновый печ . 1 даана аристон боллер ,1 даана кир жуугуч автомат , 1 даана жарочный шкаф, идиш аяк коюучу 4 даана шкаф, нан сактоочу 4 даана шкаф, 20 комплек тамак ичүүчү стол, аш кана шкафы 1 даана, тамак таркатуучу 3 стол, идиш жуугуч раковина 1даана, умывльник кол жуугуч 3 даана бар . Суу агып кетүүчү түтүк нормага ылайык терендикте агып кетет. Окуучулардын кол жуучу умывальник кире бериш жеринде турат сулгу бат- бат алмашып турат. Ашканага келген продуктылар тендерден өтүп сертификатталган шеф повар тарабынан текшерилип турат. Ашпозчулардын ден – соолук журналы , чийки азыктарды бракераждоо журнал бар. Даяр болгон тамак ашты текшерүү журналы бар . күнүгө көзөмөлгө алынып медайым Жуматаева Жибек жана ОӨМИ боюнча директордун орун басары Давлеталиева Р.Т тарабынан текшерилип турат, тамак таратуучу стол , кашык , вилка, эт , нан , туурагыч бычактар өз өзүнчө бөлүнүп турат. 5% хлордук раствор ар дайым даяр түрүндө колдонот.

*62-Тиркеме . Ашкана сүрөттөрү*
*63-Тиркеме. Ашкана менюсу тиркелет*
*64-Тиркеме Ашкана боюнча окуучулардан алынган анкета жана анын жыйынтыгы*

**6.7. Билим берүү уюму билим берүү процессин толук ишке ашыруу үчүн студенттерди зарыл болгон жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу материалдары, анын ичинде электрондук материалдар менен камсыз кылууга милдеттүү.**

Scanned with ACE Scanner

Китепкананын аянты 75 кв.м ,окуу залы 16кв .м, Китепканачынын кабинети 19кв.м

№ 13 кесиптик лицейде 2023-2024-окуу жылында китепканада китептин саны 8755 даана

- Жалпы билим берүү боюнча – 629даана
- Кесиптик билим берүү боюнча 5009даана
- Мал чарба 151
- Тигүүчү 181
- Фермер 3175
- Көркөм адабият-1640даана
- Методика- 376 даана

2023-2024-окуу жылына атайын сабактар боюнча 460 китеп менен жаңыланды . Лицейде китепканада 15 орундуу окуу залы бар . Жалпы билим берүү боюнча китептердин саны аз болгондугуна байланыштуу жаңылап туруу талап кылынат. Китепканачы Алпышева К.О . Китепкананын жылдык планын түзүп ошонун негизинде иш алып барат. Ар кандай сүрөт көргөзмөлөр , тегерек столдор , адабий кечелер өткөрүлөт.

*59-Тиркеме Китептердин тизмеси тиркелет*

*60-Тиркеме. Китеп кана жылдык план*

*61-Тиркеме Китепканада тарбиялык иш чаралардын сүрөттөрү*

**1.5. Билим берүү уюму фельдшердик-акушердик пункттарда тамактануу (ашкана же буфет) жана медициналык тейлөө үчүн тийиштүү шарттарды түзүүгө тийиш.**

1. Ашкананын аянты: 255.75кв.м Ашкана 108 кишиге ылайыкталган. Меню мед. айым тарабынан түзүлөт. Ал эми калькуляция бухгалтердин бекитмесинин негизинде берилет. Санитар книжка эки халат, чепчик колдонулат. Ашкананын жабдуулары 1даана электрлектро печ , 2 даана муздаткыч, 2 даана духовка, 2 даана микровалновый печ . 1 даана аристон боллер ,1 даана кир жуугуч автомат , 1 даана жарочный шкаф, идиш аяк коючу 4 даана шкаф, нан сактоочу 4 даана шкаф, 20 комплек тамак ичүүчү стол, аш кана шкафы 1 даана, тамак таркатуучу 3 стол, идиш жуугуч раковина 1даана, умывльник кол жуугуч 3 даана бар . Суу агып кетүүчү түтүк нормага ылайык терендикте агып кетет. Окуучулардын кол жуучу умывальник кире бериш жеринде турат сулгу бат- бат алмашып турат. Ашканага келген продуктылар тендерден өтүп сертификатталган шеф повар тарабынан текшерилип турат. Ашпозчулардын ден – соолук журналы , чийки азыктарды бракераждоо журнал бар. Даяр болгон тамак ашты текшерүү журналы бар . күнүгө көзөмөлгө алынып медайым Жуматаева Жибек жана ОӨМИ боюнча директордун орун басары Давлеталиева Р.Т тарабынан текшерилип турат, тамак таратуучу стол , кашык , вилка, эт , нан , туурагыч бычактар өз өзүнчө бөлүнүп турат. 5% хлордук раствор ар дайым даяр түрүндө колдонот.

*62-Тиркеме . Ашкана сүрөттөрү*
*63-Тиркеме. Ашкана менюсу тиркелет*
*64-Тиркеме Ашкана боюнча окуучулардан алынган анкета жана анын жыйынтыгы*

**6.7. Билим берүү уюму билим берүү процессин толук ишке ашыруу үчүн студенттерди зарыл болгон жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу материалдары, анын ичинде электрондук материалдар менен камсыз кылууга милдеттүү.**

Scanned with ACE Scanner

2023-жылы билим берүү жаатына 5 ноутбук келген . Бирок буга чейин окуу жайга 2 ксерокс, 2даана видеорегистратор, 2даана мультируль, мугалим столу 5 даана, окуу парта столдор 125 комплек, окуу бөлмөлөрү үчүн 10 шкаф. жалпы суммасы:)10500000 келген.

Азия өнүктүрүү банкынан 2017-ж 13 даана компютер стол стулдары менен келген.жалпы суммасы:627.166сом 25 т

2014-жылы окуу жайга тигүүчү группасына 8 швейный машина ,оверлог 1 даана утюк 1 даана жалпы сумасы: 200 мин сомго келген.

2012-ж АБР тарабынан окуу жайга тигүүчүлөр үчүн окуу бөлмөсүнө 687040сомго тигүү жабдыктар келген. Бөлмө талапка жооп берет.

Окуу жайда тренажордук зал жаны аспаптар менен жабдылган

*65-Тиркеме. Инвентардык тизме*

*66-Тиркеме. Сүрөттөр тиркелет*

**6.8. Билим берүү уюму студенттерди тийиштүү түрдө камсыз кылууга тийиш Студенттердин окуу натыйжаларына жетишүүсүнө колдоо көрсөтүү жана дем берүү максатында адам ресурстары (академиялык консультанттар, практика жетекчилери, кураторлор, класс жетекчилер, жатаканалар, медициналык кызматкерлер, психологдор ж.б.) тартылышы керек.**

Окуу жылынын башында педагогикалык кенешмеде устаттар, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячы, комендант бекитилет. Окуучулардын ар бир кыймылы көзөмөлдөнүп турат .Ар бир тайпага бекитилген устаттар, класс жетекчилер окуучунун сабакка келүүсүнө катышуусуна , билим сапатына жооптуу болуп саналат. Окуу жай үчүн ОТИ боюнча орун басары Джусупова Жылдыз тарабынан козөмөл графиги түзүлгөн. Күзөтко турган агайлар окуучулардын окуу жайдагы бардык иштин жүрүшүнө жооптуу. Мисалы жатаканда жаткан окуучуларды түнкү 22.00 го чейин карайт, алардын тамак ичүүсү, кружокторго катышуусун козөмөлгө алат. Ал эми жатакана тарбиячысы Сыдыгалиев А.С. жатаканада тарбиялык иш чараларды жүргүзөт. Жатаканада 2 камендант бар. Алар жатаканада 24 саат жатышат.

*67-Тиркеме Класс жетекчи –устаттарды бекитилген тизме*

*68-Тиркеме Көзөмөл графиги*

**Күчтүү жактары**

Лицейдин материалдык- техникалык базасынын жакшы сапатта турушу.

Жылдан-жылга материалдык-техникалык база жакшыруусу.

**Алсыз жактар:**

Окуу лабароториялардын эскилиги

Окуу жайдын жылытуу системасы толук ондолууну талапкылат

**Аккредитация стандарты 7**

**Стандарт 7: Маалыматты башкаруу жана коомчулук менен байланыш.**

Билим берүү уюму маанилүү маалыматтарды чогултат, талдайт жана таркатат жана аны окутуу программасын жана башка иш-чараларды натыйжалуу башкаруу үчүн колдонот.

Scanned with ACE Scanner

**-билим берүү максаттары;** жаш квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдоо. –
**-окутуунун күтүлгөн натыйжалары;** Учурдун талабына ылайык жекече же арендалык негизде түзүлгөн дыйкан чарбанын ээси, же болбосо ошондой чарбанын мыкты арендаторун даярдоо. Заманбап техниканы айдай билген тракторчу, "С" категориясындагы автоунаа айдоочу, ар тараптуу өнүккөн билимдүү фермерди даярдоо. Айыл жерегесиндеги мал чарбасын өнүктүрүүдө малдын саламаттыгын дарылай билген адистерди даярдоо, мыкты тигүүчү операторлорду даярдоо болуп саналат.

**- ыйгарылган квалификациялар.**
1.Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер)кесиби
8331-"А"-категориясындагы тракторчу-машинисти
8322-"С" категориясындагы автомобиль айдоочу
2. Жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор кесиби
-6121-4 разряддагы жаныбарларды ветеринардык жактан кароо боюнча оператор
8332-"С2категоориясындагы автомобиль айдоочу
3. Айыл чарба өндүрүшүнүн тракторчу-машинисти
- "8331" "А"категориясындагы тракторчу-машинист
- 8322-"С" категориясындагы автомобиль айдоочу
4.Тигүүчү, тигүү жабдууларынын оператору
-7443-3 раздяддагы тигүүчү
-8263-4 разряддагы тигүү жабдууларынын оператору

**- билим берүүнүн жана окутуунун формалары жана каражаттары**; Окутуунун формалары күндүзгү ,окутуу кыргыз тилинде жургүзүлөт, окутуу мамлекеттин эсебинен окутулат.
**- баалоо процедуралары;** Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык экзамендерин баалоо үчүн окуу курстун аягында график боюнча иш берүүчүлөр катышып, окуучунун жөндөмүн сыноого мүмкүнчүлүгү бар.
Баалоо- окуучулардын окуу жана таанып-билуу ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүү, о.э билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуу жөнүндө малыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана интепретациялоо процесси.
Баалоонуну критерийлери:
Эгерде окуучу:
- Өтүлгөн окуу материалын толугу менен өздөштүрсө,
- Берилген суроолорго туура жооп берип, жазуу иштерин толук жана катасыз жазса;
- Өтүлгөн окуу материалдын негизги жоболорун туура түшүнсө;
- Кабыл алган билимин практикада жеңил колдоно алса;
- Татаал суроолорго кыйналбастан жооп берсе "5" "эн жакшы" баасы коюлат.

Эгерде окуучу:
- Өтүлгөн окуу материалын негизинен өздөштүрсө;

Окутуучу окуучулардын билимин ар бир сабакта текшерип, баалап журналга түшүрөт. Окуучулардын жарым жылдык, жылдык жетишуу баасы,экзамендердин баасы,жылдык окутуу боюнча жыйынтык баасы "Окуучулардын өздөштүрүүсүн эсепке алуучу жыйынтык ведомостуна" толтурулат.

- окуучуларга берилген баллдар жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрү; Окуучуларга билим алуу үчүн толук шарт түзүлгөн. Ар бир предметтин окутуучусу тарабынан билимине жараша бааланат. 1-2-жарым жылдыктын негизинде жылдык баа коюлат

Scanned with ACE Scanner

Билим берүү уюму ишке ашырылып жаткан программа жана ыйгарылган квалификациялар боюнча заманбап, калыс жана объективдүү, сандык жана сапаттык маалыматтарды үзгүлтүксүз жарыялап турат.

**7-стандарттын критерийлери:**

**7.1. Билим берүү уюму билим берүү программасын натыйжалуу башкаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу механизмдерине ээ болууга тийиш (билим берүү уюму өзүнүн билим берүү максаттарын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн төмөнкү маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, синтездөө жана сактоо:**

- студенттердин (студенттердин) контингенти жөнүндө маалымат;

Окуу жайда жылына 200дөн ашык билим алат. Окуу жай айыл жеринде болгондуктан үй шартына байланышуу аз камсыз болгон окуучулар көп окушат .Жыл башында окуу жай окуу жылын 228 окуучу менен баштаган. Бирок, үй шартына байланыштуу чет мамлекетке чыгып кеткен окуучулар окуучулардын тизмесинен чыгып кетүүдө жана ошондой эле аскерге кызмат өтөп кеткен окуучуларда бар. Ошол себептерден улам окуучулардын саны азайып кетет. Азыркы күндө окуучунун жалпы саны 198 окуучуну түзүүдө. Ал эми кыска мөөнөттүү курстарда 80 окуучу 6 кесиптик багытта билим алууда

- студенттердин (студенттердин) жетишкендиктери жана сабакка катышуусу жана окуудагы жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар; Окуучулурадын жетишкендиктери тууралуу атайын жыл аягында жыйынтык чыгарылып, "Ардак грамоталар " берилет.

- студенттердин (студенттердин), алардын ата-энелеринин, бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана натыйжаларына канааттануусу; материалдык жана маалыматтык ресурстардын болушу;

Окуудагы жараткан ийгиликтери үчүн окуучуларга сыйлыктар өз убагындада тапшырылып турат. Ал эми ата-энесине окуу жай тарабынан "Ыраазычылык каттар " ыйгарылып турат.

- бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу;

Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орноштуруу боюнча атайын тактоо жүргүзүлөт. Окуу жайды бүткөн жаш квалификациялуу кадрлар айыл чарбасынын өнүгүүсүнө зор салым кошууда.Айыл жергесинде тракторчу-машинист , жана айдоочулук кесиптерге болгон суроо талап коп болот.

- билим берүү уюмунун ишинин негизги көрсөткүчтөрү. Мыкты жаш квалификациялуу ка дрларды даярдап чыгаруу болуп саналат.

*71-Тиркеме Окуучулардын контингенти боюнча маалымат*

**7.2. Билим берүү уюму студенттердин жана кызматкерлердин маалыматты чогултууга жана талдоого катышуусун көрсөтүшү керек.**

Билим беруу уюмунун озунун иши жонундо маалыматты коомчулукка, Айтматов району боюнча 26 мектеп бар ошол мектептерге мугалим устаттар профариентация иштерин жургузушот .Ал кесипке багыт берүү учун тузулгон атайын иш чаранын негизинде .Ошондой Эле азыркы күндө "Айыл деми", райондук"Кара-Буура кабарлары" жана "Кесипке багыт"газеталарына окуу жай жонундо маалыматтарды чыгардык.ж.б социалдык тармактар аркылуу иш жүргүзөбүз.

*72-Тиркеме .Афишалар*

**7.3. Билим берүү уюму коомчулукка өзүнүн иши жөнүндө маалыматты үзгүлтүксүз түрдө берүүгө милдеттүү, анын ичинде**:

- миссия; Бүгүнкү күндүн эмгек рыногуна дал келген сапаттуу кесиптик билим берүү менен кесипкой квалификациялуу кадрларды тарбиялап, даярдап чыгаруу

Scanned with ACE Scanner

**- баалоо процедуралары:** Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык экзамендерин баалоо үчүн окуу курсунун аягында график боюнча иш берүүчүлөр катышып, окуучунун жөндөмүн сыноого мүмкүнчүлүгү бар.

Баалоо- окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүү, о з билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана интепретациялоо процесси

Баалоонун критерийлери:

Эгерде окуучу:

- Өтүлгөн окуу материалын толугу менен өздөштүрсө,
- Берилген суроолорго туура жооп берип, жазуу иштерин толук жана катасыз жазса,
- Өтүлгөн окуу материалдын негизги жоболорун туура түшүнсө;
- Кабыл алган билимин практикада жеңил колдоно алса;
- Татаал суроолорго кыйналбастан жооп берсе "5" "эң жакшы" баасы коюлат.

Эгерде окуучу:

- Өтүлгөн окуу материалын негизинен өздөштүрсө;

Окутуучу окуучулардын билимин ар бир сабакта текшерип, баалап журналга түшүрөт. Окуучулардын жарым жылдык, жылдык жетишүү баасы,экзамендердин баасы,жылдык окутуу боюнча жыйынтык баасы "Окуучулардын өздөштүрүүсүн эсепке алуучу жыйынтык ведомостуна" толтурулат.

- окуучуларга берилген баллдар жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрү; Окуучуларга билим алуу үчүн толук шарт түзүлгөн. Ар бир предметтин окутуучусу тарабынан билимине жараша бааланат. 1-2-жарым жылдыктын негизинде жылдык баа коюлат

- бүтүрүүчүлөр үчүн ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат; Окутулган кесиптер айыл жерине керектүү кесиптер болгондуктан, ишке орношуу орто деңгээлде жүргүзүлөт.Аталган маалыматтарды үзгүлтүксүз коомчулукка жеткирүү сайт аркылуу инстаграмм фейзбук баракчалары аркылуу Талас областындагы газеталарга жана Талас Мамлекеттик телеканал аркылуу коомчулукка жарыяланат жана Ачык эшиктер күнү өткөрүлүп турат.

**7.4. Билим берүү уюму өзүнүн иши жөнүндө коомчулукка маалымдоо үчүн өзүнүн веб-сайтын, социалдык тармактарды жана жалпыга маалымдоо каражаттарын колдонууга милдеттүү.**

Окуу жай өзүнүн иши тууралуу коомчулукка маалымдап келет. Ар бир өткөрүлгөн иштер социалдык тармакка жүктөлүп келүүдө.

http://proflisei13.kg /contact/

instagram. \@prof.licei13

TikTok\@prof.licei13

FACEBOOK.ЧОЛПАНБАЙ ТУЛОБЕРДИЕВ

1.Директор – Сейдалы уулу Кубанычбек
комиссия мүчөсүнүн төрагасы
2.ОӨУИБ дир.орун басары
Давлеталиева Рахима Тазабековна комиссия мүчөсү
3.ОТИБ дир.орун басары
Джусупова Жылдыз Барпыбековна комиссия мүчөсү
4.Ага устат Арыкбаев Рустам Жаманкулович

Scanned with ACE Scanner

комиссия мүчөсү
5.Усулчу Алиева Назгул Серенбаевна комиссия мүчөсү
6.Кадр бөлүм башчы Эшимбекова Назгул Сыдыкбековна комиссия мүчөсү
7.Бөлүм башчы Марсбек кызы Жаңылай комиссия мүчөсү

Scanned with ACE Scanner